«Бекитемин»

Мектеп директору:

_________ Исламов К.

«___15___»___09___2022-жыл.

Качибеков Абдулла атындагы орто мектебинин 2022-2023-окуу жылына карата кыргыз тили жана адабияты боюнча өтүлүүчү жумалыктын иш планы.

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну. | Мөөнөтү. | Классы. | Жооптуулар. |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Кыргыз тили жана адабияты жумалыгынын ачылышы. | 19.09.22. | 5-11-класстар. | Кыргыз тили мугалимдери. |
| 2. | «Мыкты дилбаян» сынагын уюштуруу. | 19-23.09.22. | 7-11-класстар. | Кожонова Ж. Касымалиева З. |
| 3. | «Кыргыз тилим-уюткусу улуттун»-темасында поэзия кечеси. | 20.09.22. | 8-11-класстар. | Кыргыз тили мугалимдери. |
| 4. | «Эне тилим эчен кылым карыткан,эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан!»(ачык сабак) | 20.09.22. | 8-класс. | Кожонова Ж. |
| 5. | Кыргыз тилин кантип өнүктүрө алабыз?»-темасынын алкагында диспут. | 21.09.22. | 8-11-класстар. | Кожонова Ж. Токтогул у Б. |
| 6. | «Тилим-менин байлыгым» Конференция-сабак. | 22.09.22. | 6-11-класстар. | Кожонова Ж. Токогул у Б. |
| 7. | Кыргыз тили жумалыгын жабылышы. | 23.09.22. | 5-11-класстар. | Кожонова Ж. Касымалиева З. Токтогул у Б. |

Кыргыз тили мугалимдери: Кожонова Ж.

Касымалиева З.

Токтогул уулу Б.

Scanner App Lite

2022-2023-окуу жылында Качибеков Абдулла атындагы орто мектебиндеги «23-сентябрь Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Тил күнүнө» карата өтүлгөн жумалык боюнча

Маалымдама.

Максаты:

Кыргыз тили жана адабияты сабагынан окуучулардын сүйлөө кебин байытуу;

Эне тилди сүйүүгө жана баалоого үндөө.

19-сентябрда декаданын ачылышы болуп,окуучуларга бир апта ичинде кандай тапшырмаларды аткаруу керектиги маалымдалды.Мектеп окуучулары жумалыктын журүшүндө дубал газеталарды чыгарып,кыргыз тилинин баалуулуктары тууралуу китепчелерди жасашты.

19-23-сентябрь аралыгында «Мыкты дилбаян»сынагы жарыяланып,бул сынакка 7-11-класстын окуучулары катышты.

Кыргыз тили мугалимдеринин уюштуруусу менен«Кыргыз тилим-уюткусу улуттун»-темасынын алкагында,8-11-класстар арасында поэзия кечеси өткөрүлдү.

20-сентябрда «Эне тилим эчен кылым карыткан,эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан!»-аттуу темада кыргыз тили сабагынан ачык сабак өтүлдү.Сабакта окутуунун жаңы ыкмалары колдонулуп,окуучулардын ой жүгүртүү,туура сүйлөө чеберчилигин,жөндөмдөрүн өстүрүүгө басым жасалды.

Уюштуруп өткөн кыргыз тили мугалими:Кожонова Ж.

21-сентябрда «Мен тилимди кантип өнүктүрө алам?»темасында диспут уюштурулуп,өтүлдү. Сабакта мугалим кыргыз тилди өнүктүүнүн максаты эмне экендигине өзгөчө токтолуп өттү.Тилибиздин улуттук өзгөчөлүгү менен баалуулугу туурасында окуучулар менен биргеликте талдоо жүргүзүлдү.

Мисалы: «Мен толук кыргызча сүйлөй аламбы?», «Улуттун улуулугу эмнеде?», «Тилди сактоо үчүн эмне кылышыбыз керек?»-дагы ушул сыяктуу суроолордун тегерегинде талкуу болуп,ой-пикирлер айтылды.

Улуттун баалуулугун чагылдырган кыска тасмалар көрсөтүлүп,анын маанисин,өзгөчөлүктөрүн,берейин деген оюн аныкташты.Тилдин баалуулугун,кыргыз оюмдары,буюмдары,колдонгон кийимдеринин аталыштары,салты өз мезгилинде да сакталып келе жаткандыгы окуучуларга түшүндүрүлдү жана көрсөтүлдү.

Scanner App Lite

23-сентябрда «Тилим-менин байлыгым!»темасында майрамдык иш-чара уюштурулуп,өткөрүлдү.Бул иш-чарада акыйнек, «Манас» эпосунан үзүндү,тил жөнүндө көркөм окуулар, «Менин тилим-кыргыз тили»-темасында сахна-сабак даярдалып,өткөрүлдү.

Иш-чара планда көрсөтүлгөн боюнча өтүлдү.Окуучулар өз тилин кандай кандай бааларын көрсөтө алышты.Мындан ары да кыргыз тилинин өнүгүшүнө окуучулардын келечек жолу чоң таасир тийгизе тургандыгы айтылды.

Бул иш-чарага мектеп администрациясы толук катышты жана жакшы деп бааланды.

Кыргыз тили мугалими: Касымалиева З.

Scanner App Lite

Бекитемин:

Мектеп директору:

Исламов К.А

А.Качибеков атындагы орто мектебинин

« Тарыхы болбой , эл болбойт» аттуу тарых жумалыгынын

иш планы.

| № | Аткарылуучу иштин планы | Мөөнөтү | Классы | Формасы |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жумалыктын ачылышы | 10.10.22 | 5-11 класстар | Линейка |
| 2 | 5,6,7-класстын окуучуларынын “менин санжырам” , “тарыхый эстеликтер” аттуу сүрөт сынагы | 11.10.22 | 5,6,7-класстар | Сынак |
| 3 | “Акыл таймаш” | 12.10.22 | 8-11 - класстар | Таймаш |
| 4 | Жумалыкты жыйынтыктоо. “Кыргызстандагы археологиялык эстеликтер” сүрөт конкурсунун жыйынтыгын чыгаруу. | 13.10.22 | 5-11-класстар | Линейка |
| 5 | Ачык сабак Темасы: Экинчи дүйнөлук согуш | 14.10.22 | 11-класс | Ачык сабак |

Мугалим:______________ Сейталиев К.И

Scanner App Lite

# Анализ

Предмети:Тарых

Мугалим: Сейталиев Калыйбек Ишенович

Класс:11

Тема: Экинчи дүйнөлүк согуш

Максаты:

1.Окуучулар экинчи дүйнөлүк согуштун жана Улуу Ата Мекендик согуштун башталышы , себептери, согуштук аракеттер, анын этаптары, Гитлерге каршы коалициянын түзүлүшү , улуттук "жаңы тартип" туралуу кеңири маалымат алышат.

2. Фашистик баскынчыларга каршы дүйнө элинин күрөшү, Улуу Ата Мекендик согуштун жүрүшү, Кызыл армиянын көз карандысыздык үчүн болгон согуштун аракеттери. Советтик жоокерлердин эрдиктери туралуу окуп билүү аркылуу окуучулардын өз Ата Мекенин коргоо сезимдерин ойготуп, чечкиндүүлүккө, патриоттулука тарбияланышат.

3. Талкуу учурунда өз оюн эркин айтуу көндүмдөрү калыптанат.

Тиби:Жаңы марериалдарды

Методу: Интерактивдүү( жуп менен иштөө, топ менен иштөө, жекече иштөө)

Формасы: Стандарттык

Жүрүшү: Уюштуруу

Саламдашуу

Жоктоо

Жагымдуу маанай түзүү

Өтүлгөн теманы кайталоо (ыкчам тест менен иштөө)

Жаңы теманы өтүү : Мугалим түшүндүрмө берип өттү .Экинчи дүйнөлүк согуш жөнүндө тааныштырды . Сүрөттөр , слайд менен көрсөтмөлүү кылып түшүндүрдү.

Бышыктоо: теманы бышыктоо үчүн топтор менен иштеди.

1- тапшырма. Карточкалар таратылып берилип , жуптарда иштешти.

2-тапшырма. Сыйкырдуу кагаз. Доскага илинген кагазды боеп, берилген тапшырманын жообун табышты. Бул тапшырма окуучуларга аябагандай кызыктуу болду.

3-тапшырма. Китеп менен иштөө. Даталар менен жекече иштешти.

4-тапшырма. Класстер түзүштү

Жыйынтыктоо: Кайтарым байланыш . Рефлексия менен жыйынтыкталды

Үйгө тапшырма: Экинчи дүйнөлүк согушту окуп келүү.

Жыйынтык: Сабактын структурасы башынан аягына чейин толук сакталды. Сабак максатына жетти. Көрсөтмөлүү, интерактивдүү метод менен бир нече сабактын методдорун колдонуп, сабак жогорку деңгээлде өтүлдү. Окуучулар активдүү катышышты.

Сунуш: Мугалим иш тажрыйбасы менен жаш мугалимдерге бөлүшсүн.

Scanner App Lite